**«Кудай берсе»**

Сөзү: Алымбеков Надырбек

Обону: Бөдөшов Атайбек

Оңойбу отуз жашты Кудай берсе,
От жанган жыйырма бешти улай берсе.
Августтун алма жыттуу түндөрүндөй,
Ал курак алтын эккен сурай келсе.

Кымбатпы кырк деген жаш Кудай берсе,
Кыйынбы сулуу болуш чырай берсе.
Жайлоонун жыпар жыттуу абасындай,
Жаш курак алтын экен сурай келсе.

Таштардын өмүр жаштын кынай берсе,
Тагдырым далай жолу сынай берсе.
Такшалып далан ашкан аргымактай,
Таттуу го элүү жашым Кудай берсе.

Калың эл барга жокко чыдай келсе,
Карылар балдарынан убай көрсө.
Өлбөстүк бир отолу болбогон соң,
Өмүрдүн көркүн көчүп улай берсе.

Бери жагы жашаганча миң ай берсе,
Бир миң ай сексен төрт жыл Кудай берсе.

Адамдын асылдыгы бийик болуп,

Арамдын түбү түшүп кулай берсе.

(2 жолу)

Жараткан жакшылыгын улай берсе,

Жакшы адам жаш сураса ынай берсе.

Тойдум деп айтмак беле жүзгө чыкса,

Тойсун деп ага кошуп бир ай берсе

Иманалиева Айчурек Асылбековна